АГУП КР

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТЕСКЕМЕ
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

2024-жылдын 6-сентябры, № 536-т

Чыгармачылык ишке дем берүү жана Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык потенциалын чыңдоо үчүн шарттарды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы № 265 “2022–2026-жылдары Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2022–2026-жылдары Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык:

1. “40 район – 40 китеп” адабий конкурсун өткөрүү жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги (Кыргызпатент) белгиленген тартипте атайын эсептердин каражаттарынын эсебинен жыл сайын атайын каражаттар боюнча чыгымдардын сметасында конкурсту ишке ашырууга жана авторлордун 6га чейин чыгармаларын басып чыгарууга (тандалып алынган бир чыгармага 200 нускага чейинки тираж) 2 000 000 (эки миллион) сомго чейин карасын.

3. Тартылган министрликтер, административдик ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жогоруда аталган Жобону жетекчиликке алсын.

4. Бул тескеменин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.У. Жапаров**

№ 009848 *

Внешняя документация
01-В-27/394-1
10.09.2024

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

# ТЕСКЕМЕ
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

от 6 сентября 2024 года № 536-р

В целях стимулирования творческой деятельности и создания условий для укрепления интеллектуального потенциала Кыргызской Республики, в соответствии с Государственной программой развития интеллектуальной собственности и инноваций в Кыргызской Республике на 2022–2026 годы, утвержденной постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Государственной программы развития интеллектуальной собственности и инноваций в Кыргызской Республике на 2022–2026 годы» от 20 мая 2022 года № 265, статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики»:

1. Утвердить Положение о проведении литературного конкурса «40 районов – 40 книг» согласно приложению.

2. Государственному агентству интеллектуальной собственности и инноваций при Кабинете Министров Кыргызской Республики (Кыргызпатент) за счет средств специальных счетов в установленном порядке предусмотреть в смете расходов ежегодно по специальным средствам на реализацию конкурса и на издание до 6 произведений авторов (тираж до 200 экземпляров на одно отобранное произведение) до 2 000 000 (два миллиона) сомов.

3. Задействованным министерствам, административным ведомствам, местным государственным администрациям принять к руководству вышеуказанное Положение.

4. Контроль за исполнением настоящего распоряжения возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

**Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

№ 009847 *

Тиркеме

**“40 район – 40 китеп”**
**адабий конкурсун өткөрүү жөнүндө**
**жобо**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. “40 район – 40 китеп” адабий конкурсун өткөрүү жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) конкурсту өткөрүүнүн шарттарын жана тартибин аныктайт, Кыргыз Республикасынын региондорунан авторлордун чыгармаларын баалоодо келип чыгуучу укуктук жана уюштуруу мамилелерин жөнгө салат (мындан ары – Конкурс).

2. Бул Жободо төмөнкүдөй терминдер пайдаланылат:

уюштуруучу – интеллектуалдык менчик жана инновациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары – Кыргызпатент);

катчылык – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду (мындан ары – Мамлекеттик фонд);

калыстар тобу – конкурстук чыгармачыл материалдарды кароо жана катышуучулардын мыкты иштерин аныктоо үчүн эксперттердин тобу (мындан ары – Калыстар тобу);

катышуучулар – Конкурска катышууга өтүнмө берген, 18 жашка толгон жана андан жогору Кыргыз Республикасынын жарандары;

Конкурска катышууга өтүнмө – катышуучунун Конкурсту өткөрүү жөнүндө билдирүүдө көрсөтүлгөн шарттарда Конкурска катышуусун жазуу жүзүндө ырастоосу (мындан ары – өтүнмө).

## 2-глава. Конкурстун максаты жана милдеттери

3. Конкурстун негизги максаты кыргыз тилин жана улуттук маданиятты сүйүүгө тарбиялоону пропагандалаган жана жазган таланттуу авторлорду табуу жана илгерилетүү болуп саналат.

4. Конкурстун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) патриотизмди жандандырууга, маданий потенциалды сактоого, улуттук мурасты өнүктүрүүгө жана Кыргызстандын тагдырына тиешелүү тарыхый аң-сезимди калыптандырууга өбөлгө түзгөн чыгармалардын авторлорун колдоо;

2) республиканын региондорунан адабиятчылардын чыгармачыл

Приложение

**Положение**
**о проведении литературного конкурса**
**«40 районов – 40 книг»**

## Глава 1. Общие положения

1. Положение о проведении литературного конкурса «40 районов – 40 книг» (далее – Положение) определяет условия и порядок проведения конкурса, регулирует правовые и организационные отношения, возникающие при оценке произведений авторов с регионов Кыргызской Республики (далее – Конкурс).

2. В настоящем Положении используются следующие термины:

организатор – уполномоченный государственный орган в сфере интеллектуальной собственности и инноваций;

секретариат – Государственный фонд интеллектуальной собственности при Государственном агентстве интеллектуальной собственности и инноваций при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Государственный фонд);

жюри – группа экспертов для рассмотрения конкурсных творческих материалов и определения лучших работ участников (далее – Жюри);

участники – граждане Кыргызской Республики, достигшие 18 лет и выше, подавшие заявку на участие в Конкурсе;

заявка на участие в Конкурсе – письменное подтверждение участника участвовать в Конкурсе на условиях, указанных в извещении о проведении Конкурса (далее – заявка).

## Глава 2. Цель и задачи Конкурса

3. Основной целью Конкурса является выявление и продвижение талантливых авторов, пишущих и пропагандирующих воспитание любви к кыргызскому языку и национальной культуре.

4. Задачами Конкурса являются:

1) поощрение авторов произведений, способствующих возрождению патриотизма, сохранению культурного потенциала, развитию национального наследия и формированию исторического сознания, причастности к судьбе Кыргызстана;

2) содействие развитию творческого потенциала литераторов с регионов республики;

3) популяризация лучших литературных произведений современных авторов;

4) утверждение базовых ценностей в гражданском обществе;

5) поиск новых талантливых авторов, способных внести вклад в

потенциалын өнүктүрүүгө көмөктөшүү;

3) азыркы учурдагы авторлордун мыкты адабий чыгармаларын популярдаштыруу;

4) жарандык коомдо базалык баалуулуктарды бекемдөө;

5) кыргыз адабиятына салым кошууга жөндөмдүү жаңы таланттуу авторлорду издөө, чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү жана алардын чыгармачылыгына кеңири окурмандардын көңүлүн тартуу.

5. Уюштуруучу төмөнкүлөрдү камсыздайт:

1) бардык катышуучулар үчүн бирдей шарттарды;

2) жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу коомчулукка Конкурс жөнүндө маалыматтарды жеткирүүнү;

3) Конкурстун жыйынтыгы жөнүндө маалыматтарды алар расмий жарыяланган датадан мурда ачыкка чыгарууга жол бербөөнү.

6. Конкурстан өткөн катышуучулардын чыгармаларынын саны Калыстар тобунун чечими менен аныкталат.

## 3-глава. Калыстар тобун түзүү жана анын функциялары

7. Калыстар тобунун курамы илимдин, билим берүүнүн жана маданияттын көрүнүктүү ишмерлеринин, эксперттердин, жазуучулардын, адабий сынчылардын, журналисттердин ичинен 9 адамдан кем эмес санда түзүлөт жана Конкурстун уюштуруучусунун буйругу менен бекитилет.

8. Калыстар тобу:

1) Конкурска көрсөтүүлүүчү жана ушул Жободо көрсөтүлгөн талаптарга жана критерийлерге ылайык келген чыгармаларды баалайт;

2) катышуучунун ар бир чыгармасы боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык басма продукциясын (китептерди) басып чыгарууга чечим чыгарат;

3) уюштуруучунун бекитүүсүнө берүү үчүн Конкурста жеңген катышуучулардын чыгармаларынын тизмесин түзөт;

4) Конкурска келип түшкөн чыгармалардын авторлугунун купуялуулугун камсыздайт.

Калыстар тобунун жыйналышында чечим көпчүлүк добуш менен кабыл алынат, мында добуштар бирдей болуп калган учурда Калыстар тобунун төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

## 4-глава. Конкурска көрсөтүүлүүчү чыгармаларга карата талаптар

9. Конкурска көрсөтүлүүчү чыгармалар (кол жазма) жарыяланбаган жана мамлекеттик же расмий тилдерде жазылган



кыргызскую литературу, развитие творческого мышления и привлечение к их творчеству широкого читательского внимания.

5. Организатор обеспечивает:

1) равные условия для всех участников;

2) доведение сведений о Конкурсе до общественности через средства массовой информации;

3) недопущение разглашения сведений о результатах Конкурса ранее даты их официального объявления.

6. Количество произведений участников, прошедших Конкурс, определяется решением Жюри.

## Глава 3. Формирование и функции Жюри

7. Состав Жюри формируется в количестве не менее 9 человек из числа видных деятелей науки, образования и культуры, экспертов, писателей, литературных критиков, журналистов и утверждается приказом организатора Конкурса.

8. Жюри:

1) оценивает произведения, выдвигаемые на Конкурс и соответствующие требованиям и критериям, указанным в настоящем Положении;

2) принимает решение по каждому произведению участника на издание печатной продукции (книги) в соответствии с законодательством Кыргызской Республики о государственных закупках;

3) формирует список произведений участников, победивших в Конкурсе, для представления его на утверждение организатору;

4) обеспечивает конфиденциальность авторства произведения, поступившего на конкурс.

Решение на заседании Жюри принимается большинством голосов, при этом в случае равенства голосов, голос председателя Жюри является решающим.

## Глава 4. Требования к произведениям, выдвигаемым на Конкурс

9. Произведения (рукопись), выдвигаемые на Конкурс, должны быть неопубликованными и написаны на государственном или официальном языке. На Конкурс не принимаются произведения, не отвечающие уровню художественности, этическим ценностям и противоречащие законодательству Кыргызской Республики.

10. Произведения могут быть выдвинуты на Конкурс авторами либо их правопреемниками (доверенными лицами или наследниками авторских прав). Выдвигая свои произведения, авторы гарантируют, что все авторские права на эти произведения принадлежат именно им

болууга тийиш. Конкурска көркөмдүк деңгээлге, этикалык баалуулуктарга жооп бербеген жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген чыгармалар кабыл алынбайт.

10. Конкурска чыгармалар авторлор же алардын укук улантуучулары (ишенимдүү өкүлдөрү же автордук укук мураскерлери) тарабынан көрсөтүлүшү мүмкүн. Өзүнүн чыгармаларын көрсөтүү менен авторлор бул чыгармаларга бардык автордук укуктар өзүнө гана таандык экенине жана бул чыгармаларга өзгөчө укуктар үчүнчү жактарга өткөрүлүп берилбегенине кепилдик берет. Үчүнчү жактардын укуктарын бузган авторлор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке жоопкерчилик тартат.

11. Конкурска берилген чыгармалардын көлөмү 500 беттен (аралыктары менен) ашпоого тийиш. Конкурстук иштер word же pdf форматтарында кабыл алынат. Кеглдин өлчөмү 14, Times New Roman шрифти, саптардын ортосундагы интервал – бир, жээктери – стандарттуу.

12. Чыгарма “40 район – 40 китеп” конкурсу” деп көрсөтүү менен Мамлекеттик фонддун электрондук почтасына жөнөтүлүүгө тийиш.

13. Бир автордон ар бир номинацияга бирден чыгарма (жалпы идея менен бириктирилген чыгармалардын циклы) боюнча өтүнмө берилиши мүмкүн. Ар бир номинацияга катышуу үчүн тиркелген чыгарма менен ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча өзүнчө өтүнмө толтурулат.

14. Чыгармага автордун чыныгы аты же анын жеке купуя ысымы менен кол коюлушу мүмкүн. Чыгарманын аягында анын түзүлгөн датасы көрсөтүлүшү зарыл.

15. Ушул Жобонун 19-пунктунда жана 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн номинациялык документтердин толук топтому жок болгон же Конкурстун талаптары сакталбаган учурда чыгарма катчылык тарабынан Конкурстун Калыстар тобунун мүчөлөрүнүн кароосуна берилбейт.

16. Конкурска төмөнкү чыгармалар кабыл алынбайт:

1) Конкурска катышууга өтүнмө толтурулбаган;

2) тексттердин көлөмү боюнча Конкурстун шарттарында көрсөтүлгөн параметрлерден ашып кеткен;

3) экстремизмге чакыруу камтылган, ченемдик эмес лексика колдонулган, зордук-зомбулукка жана ырайымсыздыкка пропагандалаган;

4) Конкурстун тематикасына же ушул Жобонун талаптарына ылайык келбеген.



и исключительные права на эти произведения не переданы третьим лицам. Авторы, нарушающие права третьих лиц, единолично несут ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

11. Объем произведений, поданных на Конкурс, не должен превышать 500 страниц (с пробелами). Конкурсные работы принимаются в форматах word или pdf. Размер кегля 14, шрифт Times New Roman, межстрочный интервал – одинарный, поля – стандартные.

12. Произведение должно быть направлено на электронную почту Государственного фонда, с указанием «Конкурс «40 районов – 40 книг».

13. От одного автора может быть заявлено по одному произведению (циклу произведений, объединенных общей идеей) в каждой номинации. Для участия в каждой из номинаций заполняется отдельная заявка по форме согласно приложению 1 к настоящему Положению, с вложенным произведением.

14. Произведение может быть подписано настоящим именем автора или его личным псевдонимом. В конце произведения необходимо указывать дату его создания.

15. В случае отсутствия полного пакета номинационных документов, указанных в пункте 19 и приложении 1 к настоящему Положению или несоблюдения требований Конкурса, произведение не передается секретариатом на рассмотрение членам Жюри Конкурса.

16. На Конкурс не принимаются произведения:

1) без заполненной заявки на участие в Конкурсе;

2) по объему текстов, превышающие параметры, указанные в условиях Конкурса;

3) в которых содержатся призывы к экстремизму, используется ненормативная лексика, пропаганда культа насилия и жестокости;

4) не соответствующие тематике Конкурса или требованиям настоящего Положения.

## Глава 5. Порядок проведения Конкурса

17. Секретариат размещает объявление о начале проведения Конкурса на сайтах Государственного агентства интеллектуальной собственности и инноваций при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Кыргызпатент) и Государственного фонда.

18. Секретариатом и районными государственными администрациями осуществляется привлечение средств массовой информации к освещению порядка проведения Конкурса.

19. Для участия в Конкурсе участниками заполняется заявка по форме согласно приложениям 1 и 2 к настоящему Положению и

## 5-глава. Конкурсту өткөрүүнүн тартиби

17. Катчылык Конкурстун башталышы жөнүндө жарыяны Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин жана Мамлекеттик фонддун сайттарына жайгаштырат.

18. Катчылык жана райондук мамлекеттик администрациялар Конкурсту өткөрүүнүн тартибин чагылдырууга жалпыга маалымдоо каражаттарын тартууну жүзөгө ашырат.

19. Конкурска катышуу үчүн катышуучулар ушул Жобонун 1 жана 2-тиркемесине ылайык форма боюнча өтүнмөнү толтурат жана райондук мамлекеттик администрацияга берилет, ал ушул Жобонун 19-пунктуна ылайык зарыл болгон материалдардын толуктугу жана комплекттүүлүгү үчүн жоопкерчилик тартат.

20. Өтүнмөгө төмөнкү документтер тиркелет:

1) аннотация (word форматында, 12-шрифт менен бир беттен ашпаган);

2) катышуучунун кыскача чыгармачылык өмүр баяны;

3) чыгарманын word же pdf форматтарындагы электрондук версиясы.

21. Конкурска катышууга өтүнмө жана ага тиркелген документтер райондук мамлекеттик администрация тарабынан катчылыкка (Мамлекеттик фондго) жөнөтүлөт.

22. Конкурс төмөнкү номинациялар боюнча өткөрүлөт:

1) "Проза" – романдар, повесттер, аңгемелер жыйнактары;

2) "Поэзия" – поэмалар, ырлар жыйнактары;

3) "Публицистика" – макалалардын жана публицистикалык чыгармалардын жыйнактары;

4) "Балдар жана өспүрүм курактагылар үчүн адабият" – романдар, повесттер, аңгемелер, жомоктор, ырлар жыйнактары;

5) "Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшү боюнча адабият";

6) "Маданият жана искусство боюнча адабият" – альбом-каталогдор, фотоальбомдор ж.б.

23. Сунушталган чыгармалар төмөнкү критерийлерге ылайык келиши керек:

1) көркөм баалуулук;

2) идея (оригиналдуулук, негизги ойду кароого болгон мамиле);

3) социалдык маанилүүлүк;

4) чыгарманын идеясынын масштабдуулугу;

5) көркөм образдын кооздугу;

6) чыгарманын бүтүндүгү;

7) форма (ыр түзүлүшүнүн жана прозалык чыгармаларды жазуунун эрежелерин сактоо).



подается в районную государственную администрацию, которая несет ответственность за полноту и комплектность необходимых материалов, в соответствии с пунктом 19 настоящего Положения.

20. К заявке прилагаются следующие документы:

1) аннотация (не более одной страницы в формате word, шрифт 12);

2) краткая творческая биография участника;

3) электронная версия произведения в форматах word или pdf.

21. Заявка на участие в Конкурсе и прилагаемые к ней документы направляются в секретариат (Государственный фонд) районной государственной администрацией.

22. Конкурс проводится по следующим номинациям:

1) «Проза» – романы, повести, сборники рассказов;

2) «Поэзия» – поэмы, сборники стихотворений;

3) «Публицистика» – сборники статей и публицистические произведения;

4) «Литература для детского и юношеского возраста» – романы, повести, сборники рассказов, сказок, стихов;

5) «Литература по становлению кыргызской государственности»;

6) «Литература по культуре и искусству» – альбомы-каталоги, фотоальбомы и др.

23. Представленные произведения должны соответствовать следующим критериям:

1) художественная ценность;

2) идея (оригинальность, подход к рассмотрению главной мысли);

3) социальная значимость;

4) масштабность идеи произведения;

5) красота художественного образа;

6) целостность произведения;

7) форма (соблюдение правил стихосложения и написания прозаических произведений).

24. Критерии оценивания конкурсных работ:

1) художественная ценность:

критерий позволяет выявить и оценить творческую и языковую составляющую конкурсной работы, грамотность (орфография, пунктуация, грамматика, лексика), оригинальность, этическая значимость, образность, эстетичность, новаторство, историзм, мировоззренческий аспект, гармоничность формы и содержания;

2) идея (оригинальность, подход к рассмотрению главной мысли):

критерии оценки идеи: новизна, оригинальность, логичность, выразительность, органичность (идея воспринимается как единое целое), комплексность;

24. Конкурстук иштерди баалоо критерийлери:

1) көркөм баалуулук:

критерий конкурстук иштин чыгармачылык жана тилдик жагын, сабаттуулугун (орфография, пунктуация, грамматика, лексика), оригиналдуулугун, этикалык маанилүүлүгүн, образдуулугун, эстетикалуулугун, жаңычылдыгын, тарыхыйлыгын, дүйнө таанымдык аспектин, формасынын жана мазмунунун шайкештигин аныктоого жана баалоого мүмкүндүк берет;

2) идея (оригиналдуулук, негизги ойдун кароого болгон мамиле):

идеяны баалоо критерийлери: жаңычылдык, оригиналдуулук, логикалуулук, таасирдүүлүк, негизгилик (идея бир бүтүн катары кабыл алынат), комплекстүүлүк;

3) социалдык маанилүүлүк:

критерий социалдык маанилүүлүк катары коомдогу окуялардын жүрүшүнө таасир этүү жөндөмүн билдирет жана социалдык маанилүүлүк бир катар факторлор менен байланышкан, анын ичинде экономикалык өнүктүрүү, социалдык адилеттүүлүк, билим берүү, илим, саламаттык сактоо жана экология;

4) идеянын жана чыгарманын масштабдуулугу:

идеянын жана чыгарманын масштабдуулугун аныктоочу критерий бул анын маанилүүлүгү жана окурмандардын калың катмары үчүн жагымдуулугу;

5) көркөм образдын коозду гу:

критерий конкурстук чыгарманын негизги өзөгү, анын базалык компоненти катары көркөм образдын коозду гун баалоого мүмкүндүк берет, көркөм образдын коозду гунун аныкталган критерийлери: баяндоо стилинин, чеберчиликтин, идеянын же концепциянын, эмоционалдык таасирдин көрктүүлүгү;

6) чыгарманын бүтүндүгү:

критерий чыгарманын ички түзүлүшүн аныктайт: сюжет, конкурстук чыгарманын каармандары, анын бүтүндүгүн көрсөтүү катары сюжеттик-композициялык биримдик;

7) форма (ыр түзүлүшүнүн жана прозалык чыгармаларды жазуунун эрежелерин сактоо):

поэтикалык тексттин формасынын критерийи: система, өлчөмү, ыргагы, строфа, уйкаштык, үндүн сөздөгү чагылдырышы;

прозалык тексттин формасынын критерийлери: сюжет, композиция, персонаждар системасы (негизги – экинчи даражадагы – эпизоддук), көркөм ыкмалар, тили жана стили, чыгармачылык манерасы.

25. Конкурсту өткөрүү мөөнөтү узартылган же башка өзгөрүүлөр болгон учурда катчылык Кыргызпатенттин жана Мамлекеттик фонддун расмий сайттарына кошумча маалыматтарды жарыялайт.

26. Катчылык райондук мамлекеттик администрациялардан



3) социальная значимость:

критерий, как социальная значимость означает способность оказывать воздействие на ход событий в обществе, и социальная значимость связана с рядом факторов, включая экономическое развитие, социальную справедливость, образование, науку, здравоохранение и экологию;

4) масштабность идеи и произведения:

критерий, определяющий масштабность идеи и произведения это ее значительность и привлекательность для большого количества читателей;

5) красота художественного образа:

критерий позволяет оценить красоту художественного образа – как сущностного ядра конкурсного произведения, его базовый компонент, определенные критерии красоты художественного образа: изящество стиля изложения, мастерство, идея или концепция, эмоциональный эффект;

6) целостность произведения:

критерий определяет внутреннюю структуру произведения: сюжет, герои конкурсного произведения, сюжетно-композиционное единство как выражение его целостности;

7) форма (соблюдение правил стихосложения и написания прозаических произведений):

критерий формы поэтического текста: система, размер, стопа, строфа, рифма, отражение звука в слове;

критерий формы прозаического текста: сюжет, композиция, система персонажей (главные – второстепенные – эпизодические), художественные приемы, язык и стиль, творческая манера.

25. В случае продления срока проведения Конкурса или иных изменений, секретариат публикует дополнительную информацию на официальных сайтах Кыргызпатента и Государственного фонда.

26. Секретариат принимает и регистрирует заявки с необходимыми документами от районных государственных администраций. После завершения приема заявок, секретариат в течение 14 рабочих дней проверяет документы на соответствие требованиям Конкурса.

27. Общий срок приема заявок составляет 2 (два) месяца со дня регистрации заявок секретариатом.

28. Список всех участников Конкурса размещается на сайтах Кыргызпатента и Государственного фонда.

29. Жюри в месячный срок осуществляет предварительный отбор произведений участников. Для оценки произведений, Жюри заполняет оценочный лист согласно приложению 3 к настоящему Положению, с индикаторами оценки произведений, который утверждается на первом заседании. Оценочный лист должен содержать основные требования к произведениям, соответствие

зарыл болгон документтер менен өтүнмөнү кабыл алат жана каттайт. Өтүнмөлөрдү кабыл алуу аяктагандан кийин катчылык 14 жумуш күндүн ичинде документтерди Конкурстун талаптарына ылайык келишине карата текшерет.

27. Өтүнмөлөрдү кабыл алуунун жалпы мөөнөтү катчылык өтүнмөлөрдү каттаган күндөн тартып 2 (эки) айды түзөт.

28. Конкурстун бардык катышуучуларынын тизмеси Кыргызпатенттин жана Мамлекеттик фонддун расмий сайттарына жайгаштырылат.

29. Калыстар тобу бир айлык мөөнөттө катышуучулардын чыгармаларын алдын ала тандоону жүргүзөт. Чыгармаларды баалоо үчүн Калыстар тобу биринчи жыйналышта бекитилүүчү чыгармаларды баалоо индикаторлору менен ушул Жобонун 3-тиркемесине ылайык баалоо барагын толтурат. Баалоо барагы чыгармаларга карата негизги талаптарды камтууга тийиш, аларга ылайык келиши балл түрүндө бааланат. Калыстар тобунун чечими протокол менен тариздел͏ет, ага Калыстар тобунун бардык мүчөлөрү кол коёт жана катчылыктын андан ары аткаруусу үчүн уюштуруучуга жөнөтүлөт.

30. Конкурстун жыйынтыгы Кыргызпатенттин жана Мамлекеттик фонддун сайттарына жайгаштырылат.

### 6-глава. Жеңүүчү болгон авторлордун чыгармаларын басып чыгаруу

31. "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Конкурстун жеңүүчүлөрү басма продукциясын басып чыгарууга келишимдин тарабы болуп саналат.

32. Калыстар тобунун чечиминин негизинде Мамлекеттик фонд Конкурстун жеңүүчүсү менен келишим түзөт.

### 7-глава. Тандалып алынган конкурстук иштерди каржылоо

33. Кыргызпатенттин атайын эсебинин каражаттарынын эсебинен жыл сайын тандалып алынган бир чыгармага 200 нускага чейинки тиражда авторлордун 6га чейинки чыгармаларын басып чыгарууга акча каражаты каралат.

34. Конкурстун жеңүүчүлөрү болгон авторлордун 6га чейинки чыгармаларын басып чыгарууга 2 000 000 (эки миллион) сомго чейинки өлчөмдө акча каражаты бөлүнөт.

35. Конкурстун жеңүүчүлөрү болгон авторлордун чыгармаларын басып чыгарууну каржылоо Мамлекеттик фонд тарабынан ишке ашырылат.



которым будет оценено в виде баллов. Решение Жюри оформляется протоколом, который подписывается всеми членами Жюри и направляется организатору для дальнейшего исполнения секретариатом.

30. Результаты Конкурса будут размещены на сайтах Кыргызпатента и Государственного фонда.

### Глава 6. Издание произведений авторов победителей

31. Победители Конкурса являются стороной договора на издание печатной продукции в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О государственных закупках».

32. На основании решения Жюри Государственный фонд заключает договор с победителем Конкурса.

### Глава 7. Финансирование отобранных конкурсных работ

33. За счет средств специального счета Кыргызпатента ежегодно предусматриваются денежные средства на издание до 6 произведений авторов тиражом до 200 экземпляров на одно отобранное произведение.

34. На издание до 6 произведений авторов победителей Конкурса выделяются денежные средства в размере до 2 000 000 (два миллиона) сомов.

35. Финансирование на издание произведений авторов победителей Конкурса осуществляется Государственным фондом.

"40 район – 40 китеп"
адабий конкурсун өткөрүү
жөнүндө жобого
1-тиркеме

**"40 район – 40 китеп"**
**адабий конкурсуна катышууга**
**өтүнмө**

Өтүнмөнү кароону жана "40 район – 40 китеп" адабий конкурсуна катышуучулардын ичине киргизүүнү суранам.

| | |
|---|---|
| Өтүнмө ээсинин (автордун) аты-жөнү | |
| Адабий чыгарманын аталышы жана кыскача баяндамасы | |
| Жанр: проза, поэзия, публицистика, балдар жана өспүрүм курактагылар үчүн адабият, кыргыз тарыхы боюнча адабият, адабият таануу, адабий киносценарийлер, драматургия, көркөм котормо | Керектүү жанрдын алдын сызуу керек |
| Аннотация | word форматында, 12-шрифт менен бир беттен ашпаган |
| Өтүнмө ээсинин кыскача (чыгармачылык) өмүр баяны; өз чыгармаларын качан жана кайсы жерде басып чыгарган | |
| Өтүнмө ээсинин сүрөтү (уруксат 20 х 15 см линиялык өлчөмдөгү 300 dpi кем эмес) санариптик түрдө берилет жана катчылыкка ушул өтүнмө менен бирге электрондук почта аркылуу жөнөтүлөт | |
| Өтүнмө ээсинин жашаган дареги (иш жүзүндө) | |
| Өтүнмө ээсинин жеке маалыматтары (паспорт №) | |
| Өтүнмө ээсинин почта дареги | |

Приложение 1
к Положению о проведении
литературного конкурса
«40 районов – 40 книг»

**Заявка**
**на участие в литературном конкурсе**
**«40 районов – 40 книг»**

Прошу рассмотреть заявку и включить в число участников литературного конкурса «40 районов – 40 книг».

| | |
|---|---|
| Ф.И.О. заявителя (автора) | |
| Название литературного произведения и краткое описание | |
| Жанр: проза, поэзия, публицистика, литература для детского и юношеского возраста, литература по истории кыргызов, литературоведение, литературные киносценарии, драматургия, художественный перевод | Нужный жанр подчеркнуть |
| Аннотация | Не более одной страницы в формате word, шрифт 12 |
| Краткая (творческая) биография заявителя; где и когда печатал свои произведения | |
| Фото заявителя (разрешение не менее 300 dpi с линейным размером 20 х 15 см) представляется в цифровом виде и высылается вместе с настоящей заявкой в секретариат по электронной почте | |
| Адрес проживания заявителя (фактический) | |
| Личные данные заявителя (№ паспорта) | |
| Почтовый адрес заявителя | |
| E-mail заявителя | |
| Контактный телефон (моб.) | |
| Банковские реквизиты | |

| | |
|---|---|
| Өтүнмө ээсинин e-mailи | |
| Байланыш телефону (уюлдук) | |
| Банк реквизиттери (банктын аталышы, БИК, алыш-бериш эсеби) | |

Мен “40 район – 40 китеп” адабий конкурсун өткөрүү жөнүндө жободо баяндалган Конкурстун шарттары менен таанышканымды жана макул экенимди ырастайм.

Мен бул өтүнмөдө көрсөткөн бардык маалыматтар өтүнмө берилген учурга карата анык экендигин ырастайм.

Мен Конкурстун уюштуруучусунун жана Калыстар тобунун мүчөлөрүнүн чечими акыркы болуп саналарына макулмун.

Өтүнмө ээсинин аты-жөнү:

______________________________________

Колу: ____________________________

| | |
|---|---|
| (наименование банка, БИК, расчетный счет) | |

Я подтверждаю, что ознакомлен(а) и согласен(а) с условиями Конкурса, изложенными в Положении о проведении литературного конкурса «40 районов – 40 книг».

Я подтверждаю, что вся информация, указанная мною в настоящей заявке, является достоверной на момент подачи заявки.

Я согласен(а) с тем, что решение организатора и членов Жюри Конкурса является окончательным.

Ф.И.О. заявителя:

_______________________________________________

Подпись: ______________________

"40 район – 40 китеп"
адабий конкурсун
өткөрүү жөнүндө жобого
2-тиркеме

**Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук**

Калктуу конуш:
20___- жылдын "____"_____
Мен ________________________________________________________
(фамилиясы, аты, атасынын аты)
____________________________________________________________
____________________________________________________________
_________________________ дареги боюнча жашайм
Ким экендигин ырастоочу документ: _____серия _______________
№ ___________ (документтин түрү)

___________________________________________________ берилген
(берилген датасы) (ким тарабынан берилген)
(ишенимдүү адам үчүн)
__________________________________________________________
атынан иш алып барган (аты-жөнү)

төмөнкү дарек боюнча жашаган:

____________________________________________________________

Ким экендигин ырастоочу документ: _____серия _______________
№ ___________ (документтин түрү)

___________________________________________________ берилген
(берилген датасы) (ким тарабынан берилген)

___________________________________________________ негизинде
(ишеним кат, мыйзам, башка укуктук акт)

Приложение 2
к Положению о проведении
литературного конкурса
«40 районов – 40 книг»

**Согласие**
**на сбор и обработку персональных данных**

Населенный пункт:
«___»_____20___г.
Я, __________________________________________________________
(фамилия, имя, отчество)
проживающий по адресу:
____________________________________________________________
____________________________________________________________
Документ, удостоверяющий личность:______________серия________
№ ____________(вид документа)
выдан________________________________________________________
(дата выдачи) (кем выдан)
(для доверенных лиц)
действующий от имени
____________________________________________________________
(фамилия, имя, отчество)
проживающего по адресу:
____________________________________________________________
Документ, удостоверяющий личность:______________серия________
№ ____________(вид документа)
выдан________________________________________________________
(дата выдачи) (кем выдан)
на основании
____________________________________________________________
(доверенности, закона, иного правового акта)
свободно, осознанно, по своей воле даю согласие на:

– обработку (любая операция или набор операций, выполняемых независимо от способов держателем (обладателем) персональных данных либо по его поручению, автоматическими средствами или без таковых, в целях сбора, записи, хранения, актуализации, группировки;

– публикацию персональных данных в изданиях, средствах массовой информации и в сети интернет;

эркин, түшүнүү менен, өз эрким менен төмөнкүлөргө макулдук берем:

– иштеп чыгууга (чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу максатында ыкмаларга карабастан жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан же анын тапшырмасы боюнча, автоматтык каражаттар менен же аларсыз аткарылуучу кандай болбосун операция же операциялардын топтому):

– жеке маалыматтарды басылмаларда, жалпыга маалымдоо каражаттарында жана интернет тармактарында жарыялоого;

– "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык үчүнчү жактарга жеке маалыматтарды берүүгө (жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан берүү);

– төмөнкү жеке маалыматтарды транс чек аралык берүүгө (жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган кармоочуларга берүү):

1. ________________________________________________

2. ________________________________________________

3. ________________________________________________

4. ________________________________________________

5. ________________________________________________

6. ________________________________________________

7. ________________________________________________

8. ________________________________________________

(талап кылынган маалыматтардын тизмегин көрсөтүү, мисалы: фамилиясы, аты, атасынын аты (мурдагы фамилиясы, аты, атасынын аты, өзгөртүлгөн датасы, жери жана себептери (өзгөртүлгөн учурда); туулган датасы жана жери; жарандыгы жөнүндө маалыматтар (анын ичинде мурдагы жарандыгы, башка жарандыктары); билими жөнүндө маалыматтар (билим берүү уюмунун аталышы жана аяктаган жылы, билими жөнүндө документтин аталышы жана реквизиттери, билими жөнүндө документ боюнча квалификациясы, даярдоо багыты же адистиги); окумуштуулук даражасынын болушу жөнүндө маалыматтар; чет тилдерди билүүсү, билүү деңгээли тууралуу маалыматтар; спорттук наамы, спорттук разряды; жашаган жеринин



– передачу персональных данных (предоставление держателем (обладателем) персональных данных) третьим лицам в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об информации персонального характера» и международными договорами;

– трансграничную передачу (передача держателем (обладателем) персональных данных держателям, находящимся под юрисдикцией других государств) следующих персональных данных:

1. ________________________________________________

2. ________________________________________________

3. ________________________________________________

4. ________________________________________________

5. ________________________________________________

6. ________________________________________________

7. ________________________________________________

8. ________________________________________________

(указать требуемый перечень данных, например: фамилия, имя и отчество (прежние фамилия, имя, отчество, дата, место и причина изменения (в случае изменения); дата и место рождения; сведения о гражданстве (в том числе предыдущее гражданство, иные гражданства); сведения об образовании (наименование и год окончания образовательной организации, наименование и реквизиты документа об образовании, квалификация, направление подготовки или специальность по документу об образовании); сведения о наличии ученой степени; информация о владении иностранными языками, уровне владения; спортивное звание, спортивный разряд; адрес места жительства (места пребывания); номер контактного телефона или сведения о других способах связи; вид, серия, номер документа, удостоверяющего личность, наименование органа, выдавшего его, дата выдачи; идентификационный номер налогоплательщика; номер страхового свидетельства обязательного пенсионного страхования; реквизиты полиса обязательного медицинского страхования; отношение к воинской обязанности, сведения по воинскому учету (для граждан, пребывающих в запасе, и лиц, подлежащих призыву на военную службу); семейное положение, состав семьи; сведения о трудовой деятельности (включая военную службу, работу по

дареги (турган жери); байланыш телефонунун номери же байланыштын башка ыкмалары тууралуу маалыматтар; ким экендигин күбөлөндүрүү документтин түрү, сериясы, номери, аны берген органдын аталышы, берилген датасы; салык төлөөчүнүн идентификациялык номери; милдеттүү пенсиялык камсыздандыруунун камсыздандыруу күбөлүгүнүн номери; милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин реквизиттери; аскердик милдетке мамилеси, аскердик эсепке алуу боюнча маалыматтар (запаста турган жарандар жана аскердик кызматка чакырылууга тийиш болгон адамдар үчүн); үй-бүлөлүк абалы, үй-бүлөсүнүн курамы; эмгек иши жөнүндө маалыматтар (аскердик кызматты, айкалыштыруу боюнча ишти, ишкердик ишти ж.б. кошкондо); мамлекеттик сыйлыктары, башка сыйлыктары жана артыкчылык белгилери (ким тарабынан жана качан сыйланган); соттуулугунун бар же жок экендиги жөнүндө маалымат; кирешелер, чыгашалар жөнүндө, мүлк жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелер жөнүндө маалыматтар; жеке сүрөтү).

Жогоруда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды мага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүү максатында иштеп чыгуу үчүн берем

______________________________________________________________

______________________________________________________________

(кызмат көрсөтүүнүн аталышы көрсөтүлсүн)

Мен, төмөнкүлөр менен тааныштым:

1) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана жарыялоого макулдук ушул макулдукка кол коюлган датадан тартып мага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүнүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалыматтарды сактоонун бүткүл мөөнөтүнүн ичинде күчүндө болот;

2) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана жарыялоого макулдук эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде кайра чакыртып алынышы мүмкүн.

3) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана жарыялоого макулдук кайра чакыртып алынган учурда менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгуу "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 15-беренелерине ылайык толугу менен же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу башталган дата:

______________________________________________________________

(күнү, айы, жылы)

20____-жылдын. "_____" __________________

________________ ______________________

Колу Аты-жөнү



совместительству, предпринимательскую деятельность и т.п.); государственные награды, иные награды и знаки отличия (кем награжден и когда); информация о наличии либо отсутствии судимости; сведения о доходах, расходах, об имуществе и обязательствах имущественного характера; личная фотография).

Вышеуказанные персональные данные предоставляю для обработки в целях предоставления мне государственной (муниципальной) услуги

______________________________________________________________

______________________________________________________________

(указать наименование услуги)

Я ознакомлен(а) с тем, что:

1) согласие на обработку и публикацию персональных данных действует с даты подписания настоящего согласия в течение всего срока предоставления мне государственной (муниципальной) услуги и хранения данных об оказанной услуге в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

2) согласие на обработку и публикацию персональных данных может быть отозвано на основании письменного заявления в произвольной форме;

3) в случае отзыва согласия на обработку и публикацию персональных данных обработка моих персональных данных полностью или частично может быть продолжена в соответствии со статьями 5, 15 Закона Кыргызской Республики «Об информации персонального характера».

Дата начала обработки персональных данных:

______________________________________________________________

(число, месяц, год)

«___» __________________ 20__ г.

_____________________ __________________________

Подпись Ф.И.О.

"40 район – 40 китеп"
адабий конкурсун өткөрүү
жөнүндө жобого
3-тиркеме

**Конкурстун Калыстар тобунун мүчөлөрү тарабынан конкурстук иштерди баалоо**

Калыстар тобу ар бир номинацияга балл менен баа коёт.

Конкурстук иш 0дөн тартып максималдуу 70 баллга чейин топтошу мүмкүн.

Баалоо критерийлери:

– көркөм баалуулук – 0дөн 10 баллга чейин;

– идея (оригиналдуулук, негизги ойду кароого болгон мамиле) – 0дөн 10 баллга чейин;

– социалдык маанилүүлүк – 0дөн 10 баллга чейин;

– чыгарманын идеясынын масштабдуулугу – 0дөн 10 баллга чейин;

– көркөм образдын кооздугу – 0дөн 10 баллга чейин;

– чыгарманын бүтүндүгү – 0дөн 10 баллга чейин;

– форма (ыр түзүлүшүнүн жана прозалык чыгармаларды жазуунун эрежелерин сактоо) – 0дөн 10 баллга чейин.

Приложение 3
к Положению о проведении литературного конкурса
«40 районов – 40 книг»

**Оценка**
**конкурсных работ членами Жюри Конкурса**

Жюри выставляет оценки по баллам в каждой номинации.

Конкурсная работа может набрать от 0 до 70 баллов максимально.

Критерии оценки:

– художественная ценность – от 0 до 10 баллов;

– идея (оригинальность, подход к рассмотрению главной мысли) – от 0 до 10 баллов;

– социальная значимость – от 0 до 10 баллов;

– масштабность идеи произведения – от 0 до 10 баллов;

– красота художественного образа – от 0 до 10 баллов;

– целостность произведения – от 0 до 10 баллов;

– форма (соблюдение правил стихосложения и написания прозаических произведений) – от 0 до 10 баллов.